"Бекитемин"

Мектеп директору: Кулматова.Дж.К.

# Мектептин социалдык-педагогу жөнүндө
# Ж О Б О
## Жалпы жобо.

Социалдык педагог – тарыхый жана маданий каада-салттарды эске алуу менен, гуманизмдин принциптеринин негизинде педагогдор жана ата-энелер менен иш-чараларды уюштуруу, окуучулардын кесиптик өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө шарт түзүп берүүчү мектептин кызматкери.

Социалдык педагогдун негизги милдети болуп балдардын социалдык укугун коргоо, баланын өсүп-өнүгүшүнө ылайыктуу шарт түзүү, мектеп менен үй-бүлөөнүн ортосунда өнөктөштүк мамилелерди жан байланыштарды түзүлүшүн жолго коюу.

Социалдык педагог мектеп администрациясы, мугалимдер, уюштуруучу, класс жетекчи, окуучулар жана алардын ата-энелери менен өз ара кызматташат.

Өзүнүн кесиптик максатына жүү үчүн окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын көздөгөн мамлекеттик башкаруу органдарынын өкүлчүлүктөрү, коомдук бирикмелер, бардык уюмдар менен байланыш түзөт, мектептин педагогикалык кеңешинин иштерине катышат, үй-бүлөө жана балдарды социалдык жактан коргоого мунипициалдык кызматкерлер жана жергиликтүү башкаруу бөлүмдөрү менен байланыш түзөт.

Социалдык педагогдун ишмердүүлүгүн билим берүү мекемесинин жетекчисини жетекчилиги астында ишке ашырылат.

Социалдык педагогдун ишмердүүлүгү мектептин уставы жана жобосунун негизинде ишке ашырылат.

## Социалдык педагогдун милдети:

Мектептин социалдык педагогу көп иштерди алып барат. Анын кардарлары бол окуучулар жана ата-энелер, ошондой эле мугалимдер эсептелишет. Негизинен социалдык педагог төмөндөгүдөй иштерди алып барат: аналитикалык жана оозеки, түзөтүү, коомдук - алдын алуу жана калыбына келтирүү, жетектөө-уюштуруу, окуучуларга жардам берүү жана социалдык-педагогикалык колдоо көрсөтүү, коргоочулук жана ортомчулук.

## Социалдык педагогдун ролу:

Ортомчу, эксперт, кеңешчи, жактоочу, коомдук ишкер, дос, машыктыруучу, жардамчы, психотерапевт.